ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 947.1 (575.2):390 DOI: 10.35803/1694-5298.2020.3.416-422

**ТОЛОБАЕВА Э.А.**
[1]Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Бишкек, Кыргыз Республикасы
[1]Кыргызский национальный университет им. Ж.Баласагына, Бишкек, Кыргызская Республика

**TOLOBAEVA E.A.**
[1]Kyrgyz National University named after Zhusup Balasagyn, Bishkek, Kyrgyz Republic
Tolobaeva_elida@mail.ru

# XVIII КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН МАДАНИЯТЫ

# КУЛЬТУРА КЫРГЫЗОВ В XVIII ВЕКЕ

# THE CULTURE OF THE KYRGYZ IN THE XVIII CENTURY

*Макалада XVIII кылымдагы кыргыздардын материалдык жана руханий маданияты изилденген. Кыргыздардын салттуу материалдык маданиятынын турак-жай, кийим-кече жана тамак-аш сыяктуу айрым аспектилери, ошондой эле кыргыздардын руханий дүйнө таанымы баяндалган. Кыргыз маданиятынын калыптанышы көчмөн цивилизация менен тыгыз байланышкан. Кыргыздарда үстөмдүк кылган чарбалык уклад жана патриархалдык-уруулук тиричилик алардын материалдык жана руханий маданиятына таасирин тийгизген. Башкача айтканда, көчмөн турмуш, жыл мезгилине карата жашоо, отурукташкан жашоонун жоктугу маданиятка өз таасирин тийгизген. Көчмөндөр чарбасы эмгектин эл аралык бөлүнүшүнүн жыйынтыгы болгон. Ал эми, көчмөндөрдүн маданияты ошол чарбанын, тиричиликтин чагылышы. Сунушталган макалада каралып жаткан мезгилдеги кыргыздардын материалдык жана руханий маданиятынын тарыхый өзгөчөлүктөрүн талдоого аракет жасалган.*

***Өзөк сөздөр:*** *кыргыздар, материалдык маданият, руханий маданият, санжыра, XVIII кылым.*

*В данной статье рассматривается материальная и духовная культура кыргызов в XVIII веке. Описаны некоторые моменты тардиционной материальной культуры кыргызов, такие как жилища, одежда и пища, также духовное мировоззрение кыргызов. Её становление неразрывно связано с кочевой цивилизацией. Можно сказать, что кочевой образ жизни и патриархально-родовой быт оставили неизгладимый след в материальной и духовной культуре кыргызов. Весь их окружающий быт и средства существования, были обусловлены особенностями кочевого образа жизни, необходимостью оперативной перемены места кочевки и сезонным характером ведения хозяйства. В представленной статье предпринята попытка исторического анализа особенностей материальной и духовной культуры кыргызов в рассмотриваемой период.*

***Ключевые слова:*** *кыргызы, материальная культура, духовная культура, санжыра, XVIII век.*

*This article examines the material and spiritual culture of the Kyrgyz in the XVIII century. Some aspects of the traditional material culture of the Kyrgyz, such as housing, clothing and food, as well as the spiritual worldview of the Kyrgyz, are described. Its formation is inextricably linked with the nomadic civilization. It can be said that the nomadic way of life and the patriarchal-tribal way of life have left an indelible mark on the material and spiritual culture of the Kyrgyz. In addition, their surrounding way of life and means of subsistence were determined by the*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*peculiarities of the nomadic lifestyle, the need to quickly change the place of nomadism and the seasonal nature of farming. In this article, an attempt is made to analyze the historical features of the material and spiritual culture of the Kyrgyz people in the period under review.*

***Key words:*** *Kyrgyz, material culture, spiritual culture, sanjira, XVIII century.*

Кыргызстандын суверендүүлүккө ээ болушу, саясий-экономикалык жактан өз алдынчалыкка жетишүүгө аракеттенүүсү илим тармагында да кыргыз элинин тарыхын жана маданиятын изилдөөдө көп кырдуу көз караштардын жаралышына, элдин чыныгы тарыхына эркин ой жүгүртүп жаңыча илимий көз караштардын келип чыгышына жана калыптануусуна жол ачты.

Совет мезгилинде жарыкка чыккан илимий изилдөөлөрдө марксизттик-лениндик багытты катуу сактоо талабы коюлган. XVIII кылымдагы кыргыздардын руханий жана материалдык маданиятын изилдөөдө марксизм-ленинизм теориясы методологиялык негиз катары кызмат кылып, анда байлардын, манаптардын ишмердүүлүгү элдерди эзүүгө багытталгандыгы белгиленип, таптык көз караште изилденип баа берилген. Тарых илиминин өнүгүшүнүн динамикасы кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын, анын ичинде руханий жана материалдык маданиятын бурмалабай жана кыскартпай толук изилдөө мезгилдин зарылдыгы экендигин шарттады.

Маселени ушул өңүттөн алып караганда, макалада кыргыздардын XVIII кылымдагы материалдык жана руханий маданиятына тарыхый-салыштырмалуулук, анализ-синтез ыкмаларын колдонуу менен изилдөөлөр жүргүзүлдү.

Кыргыздардын XVIII кылымдагы руханий жана материалдык маданияты көчмөндүк цивилизациянын деңгээлинде болгон. Анткени, кыргыздардын маданияты сактардын, усундардын, түрктөрдүн маданияттары менен башкача айтканда байыркы жана орто кылымдарда калыптанган салттардын негизинде өнүккөн. Ошону менен бирге уруулук өзгөчөлүктөрүн сактап калган. Бул өз учурунда көчмөндөр цивилизациясынын бөлүкчөсү экендигине далил деп айтсак жаңылышпайбыз. Профессор С.Аттокуров белгилегендей көчмөндөр чарбасы эмгектин эл аралык бөлүнүшүнүн жыйынтыгы болгон. [1.128-б.] Ошондуктан, көчмөндөрдүн маданияты ошол чарбанын, тиричиликтин чагылышы болгон. Уруулук жана патриархалдык түзүлүш кыргыздардын руханий жана материалдык маданиятына терең таасир эткен.

Аталган доордо кыргыздардын чарбачылыгынын негизин мал багуу, дыйканчылык жана аңчылык, чарба жүргүзүүнү камсыз кыла турган шарттын негизин түзгөн. Ошондой эле, кыргыздардын чарбасынын ийгилигин камсыз кылган экономиканын өнүгүшүн отурукташкан дыйканчылыктагы коңшу элдер менен соода – экономикалык байланышты үзбөй жүргүзүп турууга мүмкүнчүлүк берген. Мындай өз ара мамиледе болуу эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн (кол өнөрчүлөр, усталар менен соодагерлердин ортосундагы мамилелер) объективдүү мыйзам ченеми менен байланыштуу эле. Соода көп учурда товар алмаштыруу мүнөздө болгон. Кыргыздар өнөр жай, өздөрү өндүрбөгөн азык-түлүк товарларын малга, териге, кийизге, баалуу аң терилерине алмаштырып алышкан. Көчмөндөр көпөстөрдү күтүп отурбай чектеш жашап дыйканчылык кылган элдерге сата турган малын айдап келип соодалап кетип турган [2.231-б.].

Профессор Э.Ж.Маанаев белгилегендей: «…натуралдык чарбага негизделген көчмөн кыргыздардын күндөлүк турмушундагы ички өндүрүмдүүлүгү өзүлөрүн толук канааттандырбагандыктан, коңшулаш уруулар менен соода жүргүзүү же ички өз ара алмашуу процесстерин да башынан өткөрүп турушкан» [3.60-б.].

XVIII кылымда кыргыздар баштарынан оор мезгилдерди өткөрүп жатканына карабастан бул соода жолдорун өз көзөмөлүнөн чыгарбоого умтулушкан. Изилдөөчү Д.Б.Сапаралиев архивдик материалдарга таянып, кыргыздардын XVIII кылымдагы Бухара хандыгынын шаарларынан чыгышты карай Жаркент, Кашкар тарапка кеткен бардык жолдорду көзөмөлгө алгандыгын белгилейт. Автор бул тууралуу мындай деп жазат:

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

«…Жунгар хандыгы XVIII-к. 30 – 40-жылдарында деле ушундай болгон…бул тууралуу Жунгар хандыгынын ордосунда дипломатиялык миссия менен барган учурда (1731-1733-жж.) Россия элчиси майор Угрюмов тарабынан жазылган маалымат күбөлөндүрүп турат…анда кыргыздар деп аталган буруттардын Бухара шаарларынан Яркенден жана Кашкардан бул жакка кеткен бардык жолдорду торошту» [4. 87-б.], - деп жазылган. Соода кербен жолдорун көзөмөлдөп туруу кыргыз уруу башчыларына жакшы пайда алып келген.

Казак окумуштуусу Ч.Ч.Валиханов өзүнүн «Записки о киргизах» деген эмгегинде XVIII кылымдагы коңшу элдер жана Чыгыш Түркстан, Цин империясы сыяктуу мамлекеттер менен соода-сатык мамилелеринен тышкары, бул элдин маданияты (материалдык маданияты – Э.Т.) күнүмдүк турмуш-тиричилиги, өнөр жай, аскер куралдары, тамак-ашы тууралуу жазган маалыматтары мазмундуу болуп саналат.

Бул маселелерди иликтөөдө Ч.Ч.Валиханов кыргыздардын жашоо-тиричилигинин маңызын төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүп караган: кол өнөр, устачылык (промышленность – Э.Т.) көчмөнчүлүк: жашоо тиричилиги, курал жарактары, тамак-ашы ж.б. Автор кыргыздардын жашоо-турмушун өз көзү менен көрүп жүргөндүктөн алардын турмуш-тиричилигине, жашоо маданиятына кескин баа берет. Мисалы, ал мындай деп жазат: «…кыргыздардын конуштары бири-биринен алыс жайгашкандыктан, азыркы күндө да жүздөгөн жылдар мурун кандай болсо, дал ошондой көнүмүш малчылык турмушун башынан өткөрүп жатышат» [5. 35-б.]. Автор андан ары оюн төмөндөгүдөй уланткан: бул жерде (кыргыздарда) өнөр жайдын жана сооданын белгилери жаңыдан башталып эң төмөнкү деңгээлде турат. Кыргыздардын керектөөлөрү эң жөнөкөй. Алардын түшүнүгүндө байлыктын жеткен жери мал. Алар малдан өз керектөөлөрүнө жараша эт, май, тери, тамак-аш, кийим-кече, кийиз ж.б. иштетип алат. Кашкардан жана Россиядан келген соодагерлер кездеме-маталарды алып келишет. Ошондой эле өтө керектүү өнөр жай товарларына суроо-талап аз болсо дагы соодагерлер андай буюмдарды алып келишип, алмашуу жолу менен соодалашкан. Жергиликтүү тургундар киреше алып келе турган пайдалуу соода жөнүндө ойлоп да коюшпайт. Алардын болгон түшүнүгүндө кой соода-сатыкта эквивалент катары болгондуктан, натуралдык чарбанын деңгээлинде гана ойлонушат. Ошондуктан, алардын өнөр жай жөнүндөгү түшүнүктөрү жер айдап дан азыктарын өндүрүү жана натуралдык товар алмаштыруу менен чектелет.

Көчмөн тиричилик жана патриархалдык-уруулук уклад кыргыз үйүнүн, үй-оокаттарынын, кийим-кечегинин, күч унаасынын түрлөрүн өзгөчө таасир берген. Ошондуктан, мал чарбачылык менен күн көргөн кыргыздардын турак жайы боз үй болгон. Кыргыздарда турак-жайдын бир канча аталышын кездештирүүгө болот. Мисалы чум, сайма алачык, буума алачык, кийиз алачык, жолум үй, өргөө, ак ордо ж.б. кеңири колдонулган [4. 368-б.]. Анын эң коозу, атайлап ардактуу адамга же кыз-күйөөгө арналып жасалган. Ал ак өргөө деп аталган [6. 209-б.]. Аны өзүнчө көргөзүп бийигирээк жайга тигишкен. Босого таяктары, керегe, ууктары, түндүгү көчүп конууга жана жашоого ыңгайлуу боуп, тез тигилип жана бат чечилген.

Окумуштуу С.М.Абрамзон кыргыздардын бул турак жайы боюнча иликтөөлөрдү жүргүзгөн. Анын эмгегинде боз үйдүн жасалышы, тигилиши, жасалгаланышына көңүл бурган [7].

Жалпысынан айтканда, кыргыздардын негизги турак жайы боз үй көчмөнчүлүк жашоо-тиричилигине ыңгайлуу. Анткени, мезгил-мезгили менен жер которуп турууда, көчүп, конууда кандай гана шартта болбосун тез жыйнап, жүктөп алып кеткенде ылайыктуу болгон.

Кыргыздардын көчмөндүк турмушу, жашоо-тиричилиги жөнүндө Ч.Ч.Валиханов өз байкоолорун ишенимдүү фактылар менен төмөндөгүдөй маалыматтарды келтирет. Ал мындай деп жазат: «…көчмөндөр сыяктуу эле кыргыздар дагы малдын жайытына карата жер которуштуруп жай бою бир жерден экинчи жерге тынымсыз көчүп конуп жашашат…мүлк-дүнүйөлөрүн төөгө жүктөшүп, 25 чакырым сайын бирден өргүү алышып, 15 чакырым сайын бирден эс алып, көчүп жүрүп отурушкан…кыргыздардын мындай көчү өзүнчө чоң майрам

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

болгон…көч учурунда аялдар болгон жакшы кийимдерин кийип алышып, көчтүн катарында жаштар, кыз-келиндер менен чогуу ырдашып шаан-шөөкөт менен көчүшкөн» [5.36-б.].

Ч.Ч.Валиханов кыргыздардын турмуш-тиричилиги жөнүндөгү байкоолорун улантып, кеңири жазган. Аны төмөнкү маалыматтардан байкасак болот: кыргыздар күнүмдүк турмушунда байлары дагы, кедейлери дагы жупуну жашашат. Кыргыздар өздөрү айткандай боз үйүнүн жупунулугу ата-бабадан бери келаткан адат-салты болуп эсептелет. Ушуга удаа эле автор кыргыздардын (дикокаменная орда – Э.Т.) күнүмдүк турмуштагы курал-жарактары казактардыкынан да кем деп белгилеген. Казактардыкына окшогон узун найза кыргыздарда эң эле көп колдонулган жоо куралынын бири; сабы узун, бекем жыгачтан жасалган айбалта да колдонулган. Кылыч менен кара мылтык сейрек кездешкен жоо куралы болгон.

Бирок, кыргыздар ошого карабастан өз элин, жерин сактоого жетишишкен. Бул тууралуу чыгыштаануучу В.П.Наливкин өзүнүн «Туземцы раньше и теперь» деген эмгегинде мазмундуу маалыматтары бар. Автор, Кокон хандыгындагы сарбаздар менен кыргыз кошундарынын эрдигин салыштырып жазган. Анын төмөндөгүдөй маалыматтары биз үчүн маанилүү. Ал минтип жазат: «…кыргыздар эркин, айбаттуу келишет… кокон сарбаздарынын курал-жарагы кыргыздардыкынан мыкты экендигине карабастан алар (кыргыздар – Э.Т.) көк жалдыгынан кокондуктарды калтаарытып, коркутуп турушкан» [8. 95-б.].

Кыргыздардын тамак-аштары негизинен жыл мезгилине жараша даярдалган. Аталган доордо кыргыз элинин чарбасы малчылык болгондуктан эт, сүт азыктары негизгилерден болгон. Ч.Ч.Валихановдун келтирген маалыматтарында, кыргыздар эт бышырып, конокко устукан таратканда, коноктордун астындагы жиликтер ушунчалык чоң болгондуктан, Ала-Тоонун эң бийик жери - Талгардын чокусундай болуп, тасмалдардын үстүндө койкоюп чыгып турат [5. 37-б..] Кыргыздарда сыйлуу жиликтердин катарына куймулчак кирет. Ал тууралуу К.Юдахин мындай деп жазат: «…куймулчак конокторго жиликтерди бөлүштүрүүдө эң урматтуу мейманга берилет» [9]. Кой этинин улуу устуканы катары аксакалга баш менен жамбаш, аялдардын эң улуусуна куймулчак тартылган. Ал эми кабырга жана төш сый жиликтердин катарына кирбесе да, сыйлуу болуп эсептелген. Бирок, кыргыздарда жылкынын этин пайдалануу негизги орунда турган.

Биз жогоруда белгилегендей, XVIII кылымдагы кыргыздардын жүргүзгөн чарбасы социалдык-экономикалык өнүгүүсү, материалдык маданиятына жана руханий маданиятына терең из калтырган. Анын өзгөчө табияты мына ушунда турат. Кыргыздардын руханий маданиятынын маңызы жана үлгүлөрү трансформациялык процесстердин негизинде кылымдардан кылымдарга өнүгүп отуруп, бизге чейин келип жетти. XVIII кылымдын маданиятын мына ушул көз караштан алып караганда кайсы маданиятка кошуларын жана ошол руханий маданиятты этнос түзүүчү фактор катары кароого болобу деген түйүндүү маселе, бүгүнкү күндөгү талаш – тартыштуу проблемалардын бири болуп эсептелет.

Маселени бул жагынан алып караганда, профессор С.А.Аттокуров белгилегендей кыргыз маданиятын тиричиликтин бир түрү гана катары кароо тарых илиминде үстөмдүк кылууда [1. 129-б.]. Ошондуктан, тарыхчы окумуштуулардын арасында (С.А.Аттокуров), кыргыздар XVIII кылымда элдик оозеки чыгарма боюнча гана чоң ийгиликтерге жетишкен деген пикир али да күчүндө. Себеби, натуралдык чарбанын деңгээлинде турмуш-тиричилигин өткөргөн кыргыздар дүнүйө тааным турмуштун маңызын таанып билүү багытындагы теориялык деңгээлге чейинки анализ берүү, философиялык ой жүрүртүүнүн башталгыч тепкичинде тургандыктан, оозеки түрүндө эпосторду жаратышып дүйнөлүк маданияттын казынасына өз салымдарын кошту.

Кыргыздардын эпостору өзүнүн көз карандысыз эркиндиги үчүн күрөшүп келген маанилүү окуяларды чагылдырат. Кыргыздардын оозеки чыгармачылыктарында тарыхка чейинки жана тарыхый окуялардын жомок түрүндө айтылышы, мына ушулардын баары бир бүтүнгө айланып, элдин аң сезиминде чагылдырылып, чиеленишип берилет. Ошондуктан, кыргыздардын кенже эпостору жаралышы жагынан тарыхый болгон окуялар, реалдуу инсандар көркөм тил менен баяндалат. XVIII кылымдагы тарыхый окуяларды чагылдырган

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

кенже эпостор катары «Курманбек», «Эр Табылдыны» көрсөтүүгө болот. Бул эки эпосто жунгар жортуулдары жана эзүүсү жөнүндө баяндалат. «Эр Табылды» эпосунда ойрот-калмак феодалдарынын басып алуучуларына каршы жүргүзгөн коргонуу согушу, кыргыз коомчулугунун уруулук, ички бытырандылыкты жоюп, эл болуп биригүүсүнө аракеттенүүсү эпостун негизги идеялык мазмунун түзөт. Ал эми, «Курманбек» эпосунда XVII-XVIII кылымдардагы кыргыз элинин уруучулдук бөлүнүүсү курч мааниде сүрөттөлөт. Мындай бөлүнүүнүн бир үй-бүлөнүн деңгээлинде берилиши маселени терендетет жана курчутат.

Жыйынтыктап айтканда, кенже эпостор кыргыздын рухий мурастарынын ичинде маанилүү орунда турат. «Манас» эпосу сыяктуу эле кенже эпостор дагы кыргыздардын улуттук жан дүйнөсүнүн негизин түптөөгө, биримдикке жана өзүн өзү идентификациялоочу факторго айланган.

Кыргыздардын оозеки чыгармаларынын дагы бир бөлүгү санжыра болуп эсептелет. Санжыра – арабчадан шажара-дарак сөзүнөн алынган. Кыргыздардын теги, уруулук курамы, тектеш элдер менен карым-катнашы жана кыскача оозеки тарыхы санжырада баяндалган. Бирок, ошондой болсо да, андагы айрым окуялар мифтик, легендалык мүнөзгө өтө баштагандыгы байкалат. Кыргыз санжырасын белгилүү этнограф С.М.Абрамзон этнография илиминде маанилүү булак экенин белгилеп, аны фольлордук чыгармалардан айырмалоо үчүн «элдик этногония» [10. 170-б.], - деп атаган. Санжыра баштапкы мезгилде, оозеки жашап келсе, жазма маданияты өнүккөн доорлордо айрым элдердин өкүлдөрү тарабынан кагазга түшүрүлгөн. Тарых илиминде изилдөөлөргө тарыхый маалымат катары колдонулуп келген санжыралык даректердин белгилүүлөрү көчмөн элдердин коомдук, саясий – административдик уюшуу системасы, уруулук курамдын негизинде түзүлгөнүнө байланыштуу, өткөн доордо санжыра коомдо идеологиялык маанилүү милдетти аткарып келген.

Санжыра, кыргыз элинин бүтүндөй социалдык, этникалык жана саясий түзүлүшүн чагылдырган негизги булак болуп саналат. Бул тууралуу окумуштуу Т.И.Асановдун «Кыргызстандын этносаясий түзүлүшүнүн жана тарыхый байланыштарынын санжырада чагылдырылышы» аттуу кандидаттык диссертациясында иликтенген. Автордун изилдөөлөрү боюнча «…кыргыз элинин уюткусун түзгөн бардык уруулардын аттары жана тарых таржымалы санжырада баяндалып, кезегинде алар дуалдык негизди уюмдашкан этносаясий бирикмени түзгөндүгү ачык сакталган» [11. 179-б.], деп жазат.

Санжыра тарыхый этнографиялык булак катары тарых илиминде олуттуу мааниге ээ. Санжырада элдин, уруу-уруктун, ар бир адамдын санжырасы айтылган, өзгөчө тарыхтагы белгилүү адамдарга карата ата-тек сүрүштүрүлгөн. Санжыра тарыхка жакын, бирок аны чыныгы реалдуу нерсе, тарыхый чындык деп, түшүнүүгө болбойт. Анын көркөм структурасы уламыш, легенда, кошок, арман ж.б. жанрлардын элементтерин да камтыйт.

Санжыра тегин бир ата – энеден тараткандардын өздөрү жөнүндөгү легендасы. Анда, биз кимбиз, кайдан тараганбыз деген суроого жооп берүүгө аракет жасалат. Кыргыз санжырачылары этностук өзүн-өзү таануу зарылчылыгынан келип чыккан, көчмөндүк тиричиликтин, жоокерчилик турмуштун феномени. Анын өзү этностун жок болуп кетүү коркунучу келип чыкканда пайда болгон коллективдүү чыгарма[1.133-б.]. Анын төмөнкү баскычы жети атанын тизмеси менен бүтөт да, бир атанын уулдарынын санжырасын түзөт. Муну ар бир жети жаштагы уул билиш керек болгон. Бир нече атанын уулдары бир урукту түзгөн. Анын санжырасын уруктун жетекчилери билүүгө тийиш болгон. Бул урук санжырачысы болгон. Бир нече уруктар биригип, бир урууну түзгөн, уруунун оозеки тарыхын билгендер уруу санжырачысы аталган. Уруулардын санжырачыларынын чыгаандары өз уруусун кыргыз чейин жеткирген. Алар, чоң санжырачы, чечендер деп аталышкан [1. 133-б.]. Чоң санжырачылар кыргызды башка элдер менен байланыштырышкан. Бирок, XVIII кылымда мындай санжырачылар жокко эсеге айланган. Санжырачылардын көпчүлүгү уруктун, уруунун таралышын жакшы билишкен. Алар бери

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

болгондо 20-25 атанын ысымдарын жатка билишкен. Ошону менен катар алардын ар биринин жасаган иштерине токтолушкан.

Кыргыздардын руханий маданиятынын дагы бир конкреттүү өзөгү, адамдын келечекке болгон ишенимин, тилегин билдирген ой-кыялдары анын аң-сезиминде ар түрдүү формада чагылдырылышында турат. Анын мисалы катары, элдик санжырада кеңири белгилүү болгон Маматкул бийдин уулу Болот бийдин Талаакеден туулган уулдары жөнүндөгү сюжетти айтсак болот. Санчы Сынчынын Болот бийге аял тандап, өздөрү бир белде отуруп алып, кыргыздан аял сынаганы жөнүндөгү окуяны айтууга болот. Анда Санчы Сынчы мындай деп айтат: «…илгери ата-бабаларың жакшы тукум бере турган аялды алыстан таанып, айлык-жылдык жерлерге барып, үйлөнчү…элдин керегине жарачу азамат тууп бере турган зайып керек десең, анда ушул Талаакеден артыгын таппайсың…жеке сен эмес, элинин дагы намысын бербеген Кара өзгөй азаматтар, анан аларга удаа…кызыл чимирик эрлер туулат» [12. 97-б.]. Андан ары Санчы Сынчы: «…биринчиден баш Койкоң туулат (Эсенгул), андан ары Кабактын кара барчыны туулат. Андан канжыгалуу кара сеңсел ат качырбас боз айгыр туулат, андан ичсе тойбос, куйса толбос кызыл меш туулат, андан чабалай баштуу, чап жаактуу туулат, андан аркысы оруска аралашып кетти, көзүм жетпей калды» [13. 142-143-бб.], - деп айткан. Бул тарыхый сөздөр ошондон бери унутулбай, ооздон оозго өтүп, бүгүнкү күнгө чейин санжырада айтылат. Элдин арасында олуялыгы, сынчылыгы тууралуу аңыз-кеп болуп айтылган Санчы Сынчы жөнүндө маалымат берүүгө туура келет. Анын өз аты Сансыз. Ал тууралуу так маалымат жок. Уламыштарга жана элде айтылган болжолдорго караганда, Санчы Сынчы солто же багыш уруусунан чыккан. Болжол менен XVIII кылымдын башында жашаган. Анын өз алдынча бүткөн чыгармасы жок болсо дагы, элдик жорго сөз менен көргөнүн, билгенин тартынбай айткан, айтканы айткандай келген өтө баамчыл, кыраакы инсан болгон. Ошондуктан, эл анын атынан айтпай «машаяк» (олуя, карыя, аксакал) деп чакырышкан. [14. 177-б.]. Санчы Сынчынын айткандары уламыш, аңыз сөзгө айланып, азыр да эл ичинде айтылып келет. Анын ысымы кийин жалпы атка айланып кеткен, баамчыл, кыраакы сынчылык жөндөмү күчтүү кишилерге карата да айтылат.

Жыйынтыктап айтканда, XVIII кылымда кыргыз элинин материалдык жана руханий маданияты эзелтеден бери калыптанган улуттук салтка тарыхый коңшуларынын таасирин сиңирүүсү менен айырмаланган. Кыргыздар да канатташ жашаган коңшу элдерге этностук маданий таасирин тийгизген.

**Адабияттар тизмеси**


1. Аттокуров С.А. Кыргыздар XVIII кылымда [Текст] / С.А.Аттокуров. – Бишкек: КАУ, 2002. – 152 б.
2. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстандын тарыхы [Текст] / Ө.Ж. Осмонов. – Бишкек: «Мезгил», 2019. – 584 б.
3. Маанаев Э.Ж. Кыргызстандан тышкары жашаган кыргыздардын тарыхынан [Текст] / Э.Ж.Маанаев. – Фрунзе , 1969.
4. Кыргызстандын тарыхы. Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин [Текст] / 3 томдук. – Бишкек: «Кут-Бер», 2016. – Т.2. – 616.
5. Валиханов Ч.Ч. Записки о киргизах [Текст] / Ч.Ч.Валиханов // Собр.соч. в пяти томах. – Т.3. – Алма-Ата, 1985. – 416 с.
6. Өмүрбеков Т.Н. Кыргызстандын тарыхы [Текст] / Т.Н.Өмүрбеков // I бөлүк. – Бишкек, 2017. – 355 б.
7. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С.М.Абрамзон. – Ф.: Кыргызстан, 1990. – 480 с.
8. Наливкин В.П. Туземцы раньше и теперь [Текст] / В.П.Наливкин // Туркестанский сборник. – Москва: 2012. – 145с.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

9. Санжыра. Энциклопедия [Текст] / Кыргызтаануу. Кыргыз тарыхы. – Т.1. – Бишкек, 2017. – 528 б.

10. Асанов Т.И. Кыргыздардын этносаясий түзүлүшү жана тарыхый байланыштарынын санжырада чагылдырылышы [Текст] / Т.И.Асанов //. т.и.к. окумуштуу дар. алуу үчүн жаз. канд. дисс. – Бишкек, 1999. – 200 б.

11. Турганбаев Э. Чыгыш же чоң бийлер баяны (XVII-XVIII кылымдан алынган тарыхый роман-хроника) [Текст] / Э.Турганбаев. – Бишкек, 2012. – 240 б.

12. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы [Текст] / Б.Солтоноев. – Бишкек, 1993. 1-китеп. – 208 б.

13. Санжыра. Энциклопедия. Кыргызтаануу. Кыргыз тарыхы [Текст]. – Т.2. – Бишкек, 2017. – 548 б.

14. Бапиев А.С. Кыргыз элинин экологиялык ан-сезими жанаанын коркөм адабиятта чагылдырылышы [Текст] / А.С.Бапиев, М.Ш.Төлөбаев // Вестник КГУСТА. – Бишкек: 2019. - №3(65). – 436-440 б.

15. Карыбекова М.Этика жана кыргыз элинин ырым-жырымдары [Текст] / М.Карыбекова // Вестник КГУСТА. –Бишкек: 2019. - №1(63). – 79-83 б.